УДК 654.197:004(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-133-137

Капарова Ч.А.
Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы
Капарова Ч.А.
Национальная телерадиовещательная корпорация Кыргызской Республики
Kaparova Ch.A.
National Broadcasting Corporation of the Kyrgyz Republic

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ САНАРИПТЕШТИРҮҮ: КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР
ЦИФРОВИЗАЦИЯ ТЕЛЕВЕЩАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ПРОБЛЕМЫ И ВОЗМОЖНОСТИ
DIGITALIZATION OF TELEVISION BROADCASTING IN KYRGYZSTAN: CHALLENGES AND OPPORTUNITIES

Кыскача мүнөздөмө: Макалада Кыргызстандагы телекөрсөтүү тармагынын санариптик форматка өтүү процесси, анын өнүгүү этаптары жана маалыматтык мейкиндикке тийгизген таасири талдоого алынат. Санариптик технологияларды киргизүүнүн өзгөчөлүктөрү, DVB-T2 стандартынын колдонулушу, телерадиоберүү системасын модернизациялоо аракеттери жана алардын коомдук коммуникацияга тийгизген ролу каралат. Ошондой эле санариптик телеберүүгө өтүүнүн маалыматтык коопсуздукту камсыздоодогу, калктын маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүдөгү жана телекөрсөтүүнүн сапатын жогорулатуудагы мааниси көрсөтүлгөн. Изилдөөдө Кыргызстандагы санариптик телеберүүнүн калыптануу өзгөчөлүктөрү мисалдар жана фактылык материалдардын негизинде бааланат.

Аннотация: В статье рассматриваются процесс перехода телевизионной отрасли Кыргызстана к цифровому формату, этапы её развития и влияние на информационное пространство. Анализируются особенности внедрения цифровых технологий, применение стандарта DVB-T2, меры по модернизации системы телерадиовещания и их роль в общественной коммуникации. Особое внимание уделяется значению цифрового телевещания в обеспечении информационной безопасности, расширении доступа населения к информации и повышении качества телевизионного контента. На основе фактических материалов и примеров оцениваются особенности становления цифрового телевещания в Кыргызстане.

Abstract: The article examines the process of transition of Kyrgyzstan’s television industry to a digital format, the stages of its development, and its impact on the information space. The study analyzes the features of implementing digital technologies, the application of the DVB-T2 standard, and measures aimed at modernizing the broadcasting system and their role in public communication. Particular attention is paid to the importance of digital broadcasting in ensuring information security, expanding public access to information, and improving the quality of television content. Based on factual materials and examples, the article evaluates the specific features of the development of digital television broadcasting in Kyrgyzstan.

Негизги сөздөр: интернет; телеканал; санарип; коммуникация; технология; сайт; стратегия.
Ключевые слова: интернет; телеканал; цифровизация; коммуникация; технология; сайт; стратегия.
Keywords: internet; TV channel; digitalization; communication; technology; website; strategy.

Санарип телеканалдардын пайда болуу жана өнүгүү тарыхын бир нече этапка бөлүп кароого болот. Ар бир этапта илимий-изилдөө иштери жана тажрыйбалар жасалып, эксперименталдык шаймандар жана системалар пайдаланылып, тиешелүү уюмдардын колдоосуна алына турган эл аралык

стандарттар колдонулган. Ушуга көңүл бурсак, азыркы санартиптик берүүлөр учурунда үч стандарт менен ишке ашкан. Алар: Японияда – ISDB, Америкада – ATSC, Европада – DVB. Стандарттардын негизинде тыгыздоонун MPEG-2 технологиясы жатат. Азыр MPEG-4 технологиясы кеңири колдонулууда. Стандарттардын бардык түрү жыштыктарды колдонуу диапазону, модуляциялоо жана сигнализациялоо методдору менен айырмаланат.

Санариптик берүүлөрдүн жаңы стандарттарын ишке киргизүүнүн аракеттери 1990-жылдары Европа, АКШ жана Японияда башталган. Өнүккөн мамлекеттер аналогдук телевидениеден баш тартып, телевидение жана алардын колдонуучулары үчүн кызыктуу болгон “санарип” форматына өтүү маселеси жанданган. Россияда 2004-жылы санариптик телеберүүнүн европалык DVB стандартына өткөрүү максаттуу экени аныкталып, өкмөт “Распоряжение номер 706-р” деген токтомду чыгарган. Ошондон тарта видеосигнал жана үндү берүү жаңы форматка өткөн [1].

Бардык кызыккан тараптарды катыштыруу менен “санарипти” киргизүү боюнча жигердүү иш алып барууга тиешелүү мамлекеттик органдар, мамлекеттик уюмдар жана мамлекеттик ишканалар милдеттендирилген [1, 16-б]. Кыргызстандын аймагында санариптик эфирдик телекөрсөтүү атайын тандалып алынган стандарт менен ишке ашкан. Аймактарга санариптик эфирдин көрсөтүүсү DVB-T2 стандартында ишке киргизилген. Санириптин артыкчылыгы сигналдардын керектөөчүгө кошумча чараларсыз жеткирилиши эле. Мында кабель тартуунун жана тутумду жөнгө салуучу адисттерди чакыруунун кажети жок. Модернизацияланган тиркегичтердин орнотулушу менен телекөрсөтүүлөрдү жазууга жана архивдерди колдонууга, тилдерди тандоого жана субтитрлерди колдонууга, жаңы кызматтарды (интерактив жана мультимедиа берүүлөр, санарип Интернет менен айкалышы) ачууга мүмкүндүк түзүлгөн [2].

Кыргызстанда телеканалдарды санарипке өткөрүүдө төмөнкү артыкчылыктар эске алынган:

- видеонун жана үндүн жогорку сапаты;
- санарип жабдыгын колдонуунун жөнөйкөлүгү;
- сигналдын таратуу аймагынын кеңдиги;
- жыштык ресурсунун натыйжалуу колдонулушу;
- ТВ аркылуу электрондук өкмөттү колдонуу мүмкүнчүлүктөрү ж.б;
- калкка жеткиликтүү телеканалдардын санынын кеңейиши;
- санарип түйүнү аркылуу жаңы кызматтарды өнүктүрүү;
- тоскоолдуктардан корголушу [1, 34-35-б].

Мындай жаңылануу Кыргызстандын телеканалдары өз учурунда ээ боло алган. Толук болбосо да санариптик форматка өтүү аракеттери тоолуу аймактарда азыр да улануда. Ыкма менен телеканалдардын саны көбөйүп, үн менен видеонун сапаты жогорулады. Көрүүчүлөрдүн телеканал тандоодо мүмкүнчүлүктөрү кеңейди. Ири жана каржылык жактан туруктуу, же мамлекет тарабынан каржыланган телеканалдар жаңылыктарга болгон суроо-талапты эске алуу менен күнү-түнү иштей турган атайын жаңылыктардын каналын ачууга мүмкүн болгон.

Россиянын жана Казакстандын санарип аракеттерин мисалга ала турган болсок, Россиялык “РТР” каналы “Россия 24” жаңылыктар каналын ачууга жетишсе, мамлекеттер аралык “Мир” телеканалы “Мир 24” каналын түзүп, жаңыча иштөөгө жол ачылган. Ушундай эле канал Казактандын негизги телеканалында пайда болгон. 2016-жылдын 1-сентябрынан тарта телеканалга ребрендинг жүргүзүлүп, ушул мезгилден баштап “Хабар 24” деген аталышта телеканал эфирге чыга баштаган. Казакстанда санариптик технологияны колдонуу менен экономиканы өнүктүрүү жана калктын жашоо-шартын жакшыртууга багытталган мамлекеттик программа иштеп турган [3]. “Россия-24” жаңылыктар телеканалы Россиянын санариптик телевидениесинин биринчи мультиплексине кирген маалымат каражаты. Сынчылар каналдын ишине оң баасын берип, анын кесипкөйлүк деңгээлин жогору баалашкан. Каналдын журналисттери жаңылыктарды бардык жанрлар боюнча даярдап, көрүүчүгө ыкчамдыгы жана тактыгы менен жакын боло алган [4].

Кыргызстан 2015-жылдын 17-июнуна карата телесигналдарды алып берүүнүн санариптик форматтагы системасына өтүүнү ийгиликтүү аяктады. Кыргызстан эл аралык электр байланыш

союзунун мүчөсү экенин эске алсак, анда “2015-жылдын 17-июну” деген дата – бул санариптик станцияларга артыкчылык берилет, коңшу өлкөлөр санарип берүүгө өтсө, анда сигналдарды кабыл алган телевизиондук кабылдагычтарга тоскоолдук жаратпоосу үчүн Кыргызстан өзүнүн чек арага жакын райондорунда аналогдук станцияларын өчүрүүгө милдеттүү болгон.

Аймактарга санариптик эфирдик телекөрсөтүү атайын тандалып алынган стандарт боюнча киргизилип, коомдук жана мамлекеттик телерадиокомпанияларды жаңылоо жана Кыргызстандагы телерадио берүүлөрдү санарипке өткөрүү боюнча мамлекеттик программалар кабыл алынган. Алардын негизгиси “Кыргыз Республиканын 2013-2014-жылдар аралыкта туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук Стратегиясы” эле. Телерадио берүүлөрдү жаңылоонун ири долбоору катары кабылданган Улуттук Стратегия менен программалардын алкагында телеканалдардын социалдык пакети түзүлгөн [5].

Санарипке өтүүнүн негизги максаты – Кыргызстанда маалымат коопсуздугун камсыз кылуу, ошондой эле сапаттуу берүүлөр аркылуу калктын маалымат алууга муктаждыгын камсыздоо [2, 14-б]. Бул алкакта Кыргыз Өкмөтү 2014-жылдын 9-октябрында “Кыргыз Республикасында жер үстүндөгү санариптик обо берүүсүнүн телеканалдарынын социалдык пакетин бекитүү жөнүндө” токтомду жарыялаган [6].

Мамлекеттик телеканалдар санарипке өтүү алкагында Өкмөттүн колдоосу жана каржылоосуна алынса, жеке менчик телеканалдар санарипке өтүү үчүн шарттарга гана ээ болгон. Мисалы, жеке менчик телеканалдардын арасынан НТС санариптик форматта тесттик режимде 2014-2015-жылдары биринчи көрсөтө баштаган. Керектүү жабдыктарды өз каражатына алып, передатчиктердин бир бөлүгүн башка жеке каналдар менен биригип сатып алышкан. Коммерциялык канал катары экинчи мультиплекс аркылуу чыгып жүрдү.

“Кыргыз Республикасынын коомдук телерадиоберүү корпорациянын өнүгүү стратегиясында” үч жылга карай милдеттер жана максаттар камтылган. Анда башкарууну жөнөкөйлөштүрүү, санарипке өтүү милдеттерин аткаруу, каржы маселесин жөнгө салуу, контентти жакшыртуу, адистердин кесипкөйлүгүн арттыруу, техникалык жабдыктарды жаңылоо, кошумча каражат тартуу деген маселелер камтылган [7, 24-б]. “Өнүгүү стратегиясында” натыйжалуу техникалык компонентти камсыз кылуу корпорациянын ишине эң маанилүү багыт катары каралган. Техникалык модернизациялоо жана телерадиопрограммаларды өндүрүү технологиясын жакшыртуу боюнча туруктуу иштерден тышкары, бул структура өз убагында жана тиешелүү деңгээлде санариптик берүүлөргө өтүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн жоопкер катары белгиленген [8, 7-б].

Азыркы Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын “коомдук” болуп турган учурдагы өнүгүү стартегиясынын негизги багыттарынын бири - 2015-жылга карата толкун ресурстарын кеңейтүү, ленталык өндүрүштү санарип жабдууларга алмаштыруу менен техникалык жактан камсыздоо жана сигнал берүүлөрдүн жаңы форматына ыңгайлаштыруу каралган. Анын алкагында 8 комплект Р2 форматындагы санариптик көчүп жүрүүчү видеокамералар колдонууга киргизилген, АПБ (С-120) аппарат студиясына канал эфирин автоматташтыруу үчүн эки комплект компьютерлер (Airbox) киргизилген. Эфирди тариздөө үчүн Airbox 25 жана Titlebox тейлөө үчүн нөөмөтчү режиссерлорго техникалык окутуу уюштурулган. Видеомонтаж үчүн 6 комплект компьютердик станциялар колдонууга алынган. 2012-жылдан тартып эфирге “Музыка” телеканалы чыкты. Санариптик телеберүү жабдууларын сатып алууга карата бардык тендерлер, санариптик телеберүүгө өтүүнүн алкагындагы “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө“ мыйзамга гана ылайык, жалпы суммасы 17 миллион 412 миң сомго мамлекеттик электрондук сатып алуулар системасы аркылуу өткөрүлгөн.

Интерньюс Network “Ала-Тоо” маалыматтык программалар студиясынын тартуучу топторунун ишинин ыкчамдыгын жогорулатуу максаттарында 3G/GPRS жана Wi-Fi түйүндөрү боюнча окуялар болгон жерлерден түз видео тартып көрсөтүүлөрдү жасоого мүмкүндүк бере турган Терадек жабдуусунун 2 комплектин берген. ПРООНдун көмөгү менен жарык берүүчү жабдуулардын комплектиси менен заманбап виртуалдык студия эксплуатациялоого киргизилген.

2017-жылы 15-майда Кыргызстанда аналог телекөрсөтүүлөрү өчүрүлүп, калктын 88% санарипке кошулду. Өлкө аймагында санариптик эфирдик телекөрсөтүү европалык стандарттагы DVB-T2 аркылуу

ишке киргизилди. Кыргызстандагы 240 аналог форматындагы чагылдыргычтар өчүрүлгөн. Өлкөнүн санарипке өткөндүгү жөнүндө кабарчы Диана Мамекова “Мы в цифре” репортажында (маданият министрлигинин маалыматына таянып) калктын 67 % санарипке кошулганын атты, бирок Би-Би-Си калктын 88 % кошулду деп маалымдаган [9].

2017-жылдын аягында телерыноктогу абал М-Вектор компаниясынын демилгеси жана КРдагы Интерньюс Нетуорк өкүлчүлүгүнүн, “Сорос Кыргызстан” коомдук фондунун колдоосу менен изилдөөгө алынган. Анын корутундусуна таянсак, 2017-жылдын аягына карата Кыргызстандын 97% калкы телевизор менен камсыздалган. Калк ондон жүзгө чейинки телеканалды көрүүгө мүмкүнчүлүк алды. Айыл жергесиндеги калктын басымдуу бөлүгүнүн телеканалдарга болгон мүмкүнчүлүгү шаардыктарга караганда азыраак экени аныкталган [10, 22-б].

Өлкөнүн СТБга (санариптик телерадио берүү) өтүүсү менен калктын 87,5% санариптик жер үстүндөгү (цифровое наземное вещание) эфирдик берүү мүмкүнчүлүгүн пайдалана баштаган. Калк телеканалдарды табитине жараша тандап, сапаттуу берүүлөрдү көрө баштады. Кабелдик жана интернет ТВ - телевидениенин акы төлөө түрүнө кирет. Ал эми спутниктик телеберүүгө кошулуу провайдер аркылуу, керектүү жабдыктарды сатып алуу менен ишке ашып, акысыз көрүү мүмкүнчүлүгүн жараткан [11].

Ошентип, санарипке өтүү аркылуу Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу аракети ишке ашып, калктын маалымат алууга муктаждыгы камсыздалды. КТРКнын курамында 6 телеканал ийгиликтүү иштеп, көрүүчүлөргө сапаттуу көрсөтүүлөрдү сунуштоодо. Санариптик технологиялардын шартында КТРК алгылыктуу иштери менен алдыга кадам таштай алды. Бирок маалыматтарды берүүнүн мазмунунда маселе бар эле. 2022-жылга карата КТРКнын макамы өзгөрүп, КРнын Президентинин жарлыгына ылайык улуттук статусту алып, Кыргыз Республикасынын улуттук телерадиоберүү корпорациясы деп аталды. Статустун алмашуусу менен улуттук идеологияны жана мамлекеттин маалыматтык саясатын жайылтууну күчтөндүрүү милдеттери коюлган. Бул алкакта УТРКда технологиялык модернизация жүгүзүү аракеттери ишке ашууда.

Колдонулган адабияттар

1. Распоряжение Правительства Российской Федерации «О внедрении в Российской Федерации европейской системы цифрового телевизионного вещания DVB» от 25 мая 2004 г. № 706-р [Электронный ресурс]. – Режим доступа: Министерство цифрового развития РФ (дата обращения: 15.05.2026).
2. Цифровое телевидение [Электронный ресурс] // Википедия: свободная энциклопедия. – Режим доступа: Wikipedia Kyrgyz (дата обращения: 15.05.2026).
3. Об утверждении Государственной программы «Цифровой Казахстан»: Постановление Правительства Республики Казахстан от 12 декабря 2017 г. № 827 [Текст].
4. Цифровизация российского ТВ: парадоксы, закономерности, прогнозы [Электронный ресурс] // Журнал «Икс-Медиа». – 2015. – 24 июня. – Режим доступа: Икс-Медиа (дата обращения: 15.05.2026).
5. Кыргыз Республикасын 2013–2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы: Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы. – 2013-жылдын 21-январы, № 11 [Текст].
6. “Кыргыз Республикасында жер үстүндөгү санариптик обо берүүсүнүн телеканалдарынын социалдык пакетин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому. – 2014-жылдын 9-октябры, № 593 [Текст].
7. Годовой отчет о деятельности Наблюдательного совета ОТРК КР за 2012 год [Текст]. – Бишкек, 2013. – 28 с.
8. Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын өнүгүү стратегиясы. 2013–2015-жылдар [Электрондук ресурс]. – Бишкек, 2013. – 36 б. – Режим доступа: КТРК стратегиясы (кайрылган күнү: 15.05.2026).
9. Мы в цифре [Электронный ресурс] // ИП «Ала-Тоо». – 2017. – 17 мая. – Режим доступа: YouTube видео (дата обращения: 15.05.2026).

10.Медиа предпочтения населения Кыргызстана: изучение медиарынка Кыргызской Республики [Текст]. – Бишкек, 2017. – 57 с.
11.Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү саясаты: кырдаалды баалоо жана жарандык коомдун сунуштары [Текст] / К. Алмакүчүков, В. Байкулова, Э. Мамырканов, А. Михеева, Б. Нурматов, З. Сыдыкова. – Бишкек, 2014. – 98 б.
12.Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы [Текст]. – Бишкек: Өкмөт үйү, 2008-жылдын 2-июну, № 106.

Рецензент: профессор А.Д. Халилов